DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

*Ураимов Ш.У., Мапаев Б.А.*

# КЫРГЫЗ САНЖЫРАСЫНДАГЫ ИЧКИЛИК КЫРГЫЗДАР

*Ураимов Ш.У., Мапаев Б.А.*

# ИЧКИЛИКСКИЕ КЫРГЫЗЫ В КЫРГЫЗСКОЙ САНЖЫРЕ

*Sh.U. Uraimov, B.A. Mapaev*

# ICHKILIKS KYRGYZ IN THE KYRGYZ SANJYRE

*УДК: 373. 416025*

*Бул макалада кыргыз санжырасындагы ичкилик урууларынын тактальшы жана орус окумуштууларынын изилдеишине таянып ичкилик урууларынын оң солго бөлүнүшүндө ичкилик кыргыздарынын тарыхы баяндалат. Макалада кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө санжыра материалдары колдонулду. Анда санжыра материалдары жазма булактардай эле баалуулукка ээ экендиги айтылат. Конкреттүү фактылардын негизинде автор кыргыз элинин курамындагы уруулардан келип чыгуусун анализдеп, санжыра булактарын илимий айлампага киргизет. Ичкиликтердин келип чыгышы жана курамы жөнүндө Үсөн ажы: «Булардын келип чыгышы кыргыз санжырачыларынын айтуусунда 40 уруу кыргыз элинин 30нун сырткы катар караса. 10нун ичкиликтер тараган», - дейт. Муну көпчүлүк карыялар бекемдейт. Андан ары «Кыпчактар негизинен кыпчак, найман, тейит, кесек деп төрт чоң урууга бөлүнүп, булардын ичинде да бир нече майда уруулар таралат»,-деп жазат.*

***Негизги сөздөр:*** *санжыра, бутак, тарых, тарыхый окуялар, уруулар, гундар, кыргыздар, оң канат, сол канат, Фергана.*

*В этой статье рассматривается определения родов ичкилик в кыргызской санжыре и история ичкиликских кыргызов в разделении родов на правые и левые,опираясь на исследования русских учёных. В статье используются материалы для исследования этнической истории кыргызского народа. Здесь говорится о важности генеалогических (санжыры) материалов наравне с письменными источниками. Автор на основе конкретных фактов анализирует происхождение родов кыргызского народа, вводит генеалогические (санжыры) источники в научный оборот. Про образование южного диалекта Усон ажы: «По информации кыргызского санжыра этот диалект произошел из 40 племен кыргызов, из которых в 30-ти другие, а из 10-ти произошел этот диалект. Многие аксакалы это подтверждают. Кроме этого кыпчаки подразделяются на 4 группы: найман, кыпчак, тейит, кесек. Кроме этого еще разделяются на некоторые группы.*

***Ключевые слова:*** *санжыра, ветвь, история, исторические события, племена, гунны, кыргызы, правое крыло, левое крыло, Фергана.*

*This article discusses the definitions of ichkilik genera in the Kyrgyz sanjyr and the history of the ichkilik Kyrgyz in the division of genera into right and left, based on the research of Russian scientists. In the given work materials sajiri as the major source after studying of ethnic history of the Kirghiz people are used.Ln lt the author proves that, sangira as well as other written sources gives valuable data after history and an origin of the Kirghiz people. The author conducted earlier unknown many materials in a scientific turn. About the formation of the southern dialect of Uson azhy: "According to the Kyrgyz sanjir, this dialect originated from 40 Kyrgyz tribes, of which 30 are different, and this dialect originated from 10. Many elders confirm this. In addition, Kipchaks are divided into 4 groups: Naiman, Kipchak, teyit, kesek. In addition, they are also divided into some groups.*

***Key words****: sanjyra, branch, history, historical events, tribes, Huns, Kyrgyz, right wing, left wing, Fergana.*

Азыркы мезгилде ичкилик уруулары жөнүндө 20га бөлүнүп айтылып келинет. Андан ары бизге белгисиз тарых булагына таянып, «тарыхый эстеликтерге негизделген. Чыңгызхан 1220-жылы Бухараны басып алганда, ал жердеги кыргыздардын төрөлөрү Орус (Ороз). Энел мамок. Тайбога дегендер Чыңгызханга багынгандыгын билдирип өзүлөрүнүн ордун сактап калган» - деп жазат. Буга кыргыздардын кара кытайлар менен болгон согушка (1171-ж.) катышкандыгын эске алсак кыргыздар VIII кылымдын аягында, өзгөчө IX-X кылымдарда эле Орто Азияда жашашкан. Булар гунндар менен андан кийин кыргыз каганатынын уйгурларды куугунтуктап келген. Түрктөрдүн чабуулу менен келген кыргыздардын өкүлдөрү болушу ыктымал. Алар отурукташып калган ичкиликтер десе болот.

Гунндардын курамындагы жана христиан эрасынын башталышында мамлекети бар көк түрктөрдүн алдында турган, өзүнчө улуу хандыкка ээ болгон этностун өкүлдөрүнүн «элдердин улуу көтөрүлүшү катышуусун таануу мүмкүн эмес. Кыргыздар байыркы этнос катары

DOI:10.26104/IVK.2019.45



ал жүрүштөргө катышкан. Бирок башкы ролду ойношкон эмес. Мына ошол жүрүштүн катышуучуларынын тукумдары Ферганада калып калышы жана батыштан кабар болушу мүмкүн.

Румяндан кайра келиши боло турган окуя. Кыргыздын сырт жана ич болуп бөлүнүшү дал ошол доорлорго туш келип жүрбөсүн. Түрк каганатынын курамына кирген төөлөс уруулары – бөрүнүн тукумдары болушкан [1]. Түрк каганы Ашина ушул төөлөс урууларынын жардамы менен улуу мамлекет түзүп, төөлөс (түрк) урууларынын атын алып, өздөрүн жана мамлекетин Түрк аты менен атаган. Ал жөнүндө «алар төөлөс урууларынын күчү менен «түндүк талааларында» көптөгөн эрдиктерди жаратышты [1] - деп кытай булактарында жазылган.

Уламыштарда Барс - Күндүн, Оттун символу. Ал эми Кызыл түс - Күндүн, Оттун түсү. Демек, «Кызыл Ит» - «Кызыл уулдун» (Ичкиликтердин) тотеми.

Туранды бий деген хандар Күнхандан тараган. Күнхандын Геродот жазган аты - Колоксай. Колоксай хан катары дайым кызыл кийинип жүргөн. Бул түстү ыйык түс катары кечеги күнгө чейин Кыпчактар сактап келди. Ал эми Ичкилик ордосунун хандары жана атактуу кол башчылары дал ушул уруудан чыкканы санжыраларда, дастандарда айтылып келет.

Тарыхый булактарда «кермихион» деген перс аталышта түрк уруусу кездешет. Кермихион термини эки бөлүктөн турат: *керми/херми/ерми* + хион, керми «кызыл», перс. «хион», индо-евр. «кьиоп», байыркы кыт. «кЧ\уеп», кидан, монг. «к1оп» «ит, дөбөт» дегенди билдирет. Демек кермихион деген «кызыл-ит» деген маанини берип, бул уруунун тотемдик атын билгизет. Булардын кийип жүргөн баш кийимдери, соот-шаймандары жана желеги кызыл болгондуктан «кызыл» деген атка ээ болушкан.

Ичкиликтердин өз аты - «сколоттор» - «падыша скифтер» экенин Геродот жазып калтырган. Скифтер жөнүндө эң алгачкы эскерүүлөр б.з.ч. VI кылымдын 70-жылдарында падыша Ассарходондун ассириялык жазууларында кездешет. Аларды байыркы еврейлер «ашгуз», гректер ЕкпӨгх «скифтер», перс- тер «сака», кытайлыктар «саи» же «саи-ванг», ассириялыктар «аш-гуза-ай», вавилондуктар «иш-гу-зай» деп жазышкан жана айтышкан. Ашгуз же ишгуз деген «иш-огуз» же «ич-огуз» де ген сөз [5]. Ал эми «ичкилик» деген «ич-огуз» дегендин эле бир варианты.

Жогоруда айтылган сколот термини түрк тилинде *ыс-кы~ско-ло-т* деп бөлүнөт. *Сколо* бул *скыты~ скыт~ скит*[5] *~скиф~скуз* деп чечмеленип, «ич-гуз» ~ «ич-огуз» деген маанини берет.

«Сак» деген иран сөзүнүн бир мааниси «ит» дегенди билдирет. Демек бул ат адегенде Ичкиликтерге, анан Кыргызга таандык.

Казак окумуштуусу Ч.Валиханов кыргыздардын арасынан жазып алган санжырада Кыргыздын «кырк кыздан жана кызыл иттен тараганы» тууралуу уламышы Ичкиликтердин ичинде кеңири тараган. Ал мындай айтылат: «Бир күнү хандын кызы курдаш кыздары менен ойноп кетип, кайра келишсе, элин жоо кырып, журтта бир гана кызыл ит калган болот. Хандын кызы ошол кы-зыл итти алып, курдаш кыздары менен тоо аралап кирип кетет. Ошол кызыл иттен жана кырк кыздан кыргыз эли тарайт [6].

Ич (ичкилик, ичкс.тик) кыргыздар Орто Азиянын байыркы тургундарынын бири. Гунндар менен батышка кеткен кыргыздардын, Чыгыш хандын армиясынын түшүп калгандыгы менен кеткен кыргыздардын.

Алардын негиздөөлөрү:

1. Кыдырша, 2. Канды. 3. Найман.4. Таит. 5. Кесек. 6. Кыпчак. 7. Дөөлөс. 8.Абат. 9.Тейит. 10. Бостон. 12.Кызыл аяк. 13. Кара саадак, -деп жазат. И.Минаев изилдөөчүлөрдөн биринчи болуп Ичкиликтердин биригүүсүнө кирген уруктарда толук берет. Анын бул кабары кийинки авторлор үчүн булак катары кызмат өтөгөн. И.Минаев аларды санын болжол менен 12000-13000 түтүн. 64000-65000 жан», - деп эсептеген.

Ичкиликтер жөнүндө жалпы кабарды А.Сыдыков берет. «Кыргыздардын урууларга бөлүнүшү төмөндөгү түрдө: бүт кыргыз эли, уруулардын дээрлик тобу «оң», «сол» деген эки канатка жана башка уруу «ичкиликке» бөлүнөт.

Бул жерде кыргыз автор тарабынан ичкиликтерди «башка» деген терминди колдонгонуна күбө болуп отурабыз. Ошол эле негизинин көчүрмө чыгарма боюнча ичкиликтер Ош округунун Араван, Куршаб, Ноокат, Ичкилик, Нойгут-кыпчак, Лейлек, Найман, Жоо-кесек-бостон, Жалал-Абад, Чанкетайылдарында», - деп айтылат.

Санжырачылардын бир тобу ичкиликтер Ооганистандан, Памирден келишкен дешет. Ичкиликтердин келип чыгышы жана курамы жөнүндө Үсөн ажы: «Булардын келип чыгышы кыргыз санжырачыларынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45



айтуусунда 40 уруу кыргыз элинин 30нун сырткы катар караса, 10нун ичкиликтер тараган», - дейт. Муну көпчүлүк карыялар бекемдейт. Андан ары «Кыпчактар негизинен кыпчак, найман, тейит, кесек деп төрт чоң урууга бөлүнүп, булардын ичинде да бир нече майда уруулар таралат», - деп жазат. Үсөн ажынын жыйынтыктоосу боюнча ичкиликтер кыпчактан келип чыгат.

Ушуга окшош ой жүгүртүүнү А.Чоробаев да айткан. Байыркы Азия элдерининин тарыхын изилдеген Г.И. Грумм Гржимайло: «Ичкиликтер союзу XIII кылымдан мурда түзүлүшү мүмкүн эмес», - деп жазган. (Н.Ф. Ситяковский перечисление некоторых родов киргиз обитавших в восточной части Ферганской области. Из в Туркестанского т д Р.Г.О. Ташкент 1900, т. II вып. 1,2) [7]. Ичкиликтерди биринчилерден болуп изилдеген Н.Ф. Ситяковский аларды Оң жана Сол деген эки канатка бөлүнөөрүн белгилеген 1953-1954-жылдары кабар таркалган. Көптөгөн маалымат берүүчүлөрдүн оюу боюнча ичкиликтердин оң канатына: Тейит Кесек. Жоокесек, Бостон Оргу Дөөлөс уруулары Солканатына Найман, Кыпчак, Канды, Нойгут жана Ават урууларын киргизишкен [7]. 1953-1955-жылдары Я.Р. Винников тарабынан жыйналган материалдарда ичкилик кыргыздын небереси катары баяндалган, жана ичкиликтер Камраттын тукуму деген аңыз бар. Алардын маалыматы боюнча ичкилик кыргыздар бул жакка Балыктан келген же Кашкардан, оошкон [8].

Анвар Байтур бул боюнча «күндөрдүн биринде Кыргызбай өзүнүн экинчи агасы менен урушуп, ага таарынып. өзүнүн бала-чакасын, аялын алып, малын айдап күн батыш жакка сапаралган экен. Ал Теңир-Тоого келет. Күндөрдүн биринде Кыргызбайдын элин алыстан келген жоо чаап кетет. Кыргызбай өз элин жоого каршы согушка чакырып, Кыпчак, Найман. Тейит, Кесек деген төрт уулун кошуундун ортосуна коет. Булар жоонун ортосун бузуучулар. Бул сап «ичкилик» деп аталыптыр. Булөңдөнгөн кабар китептин эки жерде берилет. Ортодогу кошунду кыргызбай урушка өзү алып барып киргизген имиш. Икиликтер байыркы кыргыз элинин пайдубалдары. Узак убакыт бөлүнүп жашаганына карабастан өзүн-өзү таануу сезмими өнүккөн. Алардын жаңы пайда болгон урулар менен болгон байланышы XIV-XV кылымдарда гана байланышкан. Ошол себептүү жаңы кыргыздардын көчүнө жүрүшүнө катышкан эмес. Ушунан ууламалар экинчи ирет теги Оң жана Солго кирбей калышкан. Бул тууралуу Үсөнажы: «Түштүк тарапка орундашкан кыргыздарды кырк уулдун 10 уулунан таралган. Бул 10 уул ичкилик деп аталган. Булар Долон бийдин балдарынын бутагына кирбейт. Нараак жактар кошулат”, - деп жазган. Бирок ичкиликтерди кыпчак деп кароо жаңылыштык, тескерисинче кыпчактан кыргызды, ичкиликтен таратууга да болбойт. Ичкилик аймактык жана уруу аралык бирдик ал Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздардын жана аларга кийин кошулган топтордун союзу. Уруулардын конфедерациясы. Букара жана Кокон хандыгынын ортосундагы буфердик аймак. Ичкиликтер Алай. Памир тоолорун өздөштүргөн, дыйканчылык менен малчылыкты айкалыштырган. Алар (сактар тажиктер менен бирге айкалыштырган). Кыргыздын түштүк диалектисинде сүйлөгөн чоң этнографиялык топ. Жалпы этностук-кыргыз элинин түзүүчүлөрүнүн бири. Си-юй-Чжи боюнча 1759-жылы батыш кыргыздарынын саны 200 миңге жеткен. Кокон хандыгы жоюлгандан кийин орустар Фергана, Памирди изилдөөгө өткөн. Костенконун кабары боюнча ичкилик кыргыздардын саны (1870-жыл) адигинелерден, моңгуштардан эки эсеге көп. Бул жылы алардын жалпы саны 4370 түтүн экендигин эске алсак, анда ичкиликтер 8000-9000 түтүн, же 40000-45000 жана экендигин билебиз. Ичкиликтерге: Ават. Бостон, Жоокесек. Нойгут, Тейит, Канды, Дөөлөс, Найман. Кыпчак, Оргу уруулары Байыркы кыргыз этносунун өкүлдөрүнө кийин Найман, Кыпчак уруулары кошулган. Кыргыздардын ичкилик тобу Кокон, Букара хандыктарынын составында болгондуктан жана Оруссиянын букаралыгына кийин өткөндүктөн аларды изилдөө иши да орус окумуштуулары тарабынан башталган. Ошондуктан XIX кылымдын акырында жана XX кылымдын башталышында алар жөнүндөгү кабарлар А.Ф. Голубевдин, М.Ф. Сисняковскийдин, А.А. Жушкевичтин. В.П. Наливкиндин, И.Миннаев дин макалаларында жана эмгектеринде кездешет. Кытайлар XVIII кылымда кыргыздарды батыш жана чыгыш буруттарга бөлгөн. Н.Р.Винников тарабынан «ичкилик» деген сөздүн этимологиясына кайрылуу бар. Ал боюнча бул жердеги калктар эчки багуучулук менен кесиптенген, ошондуктан эчкиликтер деп атоодон улам келип чыгышы ыктымал деген божомолу, илимий изилдөөнүн жыйынтыгы эмес экенин айтуу абзел. Бул ой Н.А. Аристовдун «шейбаниада», «ички» деген уруунун аты бир нече жолу кездешет. Бул балким уруу башчынын ысмынан аталган болсо керек», - деген. Бирок сөз Н.А. Аристовдо эчки

DOI:10.26104/IVK.2019.45



жөнүндө эмес, ички тууралуу бара жатканын баса көрсөтүү керек [9].

Ичкиликтердин жалпы саны XIX кылымдын акыркы жылдарында 13943 түтүн, же 43772-68725 жан болгон. Мындан кийин ичкиликтерди жалпы изилдеген окумуштуу болбогонуна байланыштуу, алар жөнүндө статистикалык кабар такыр кезикпейт. Ичкиликтер илгертеден бир аймакта жашагандыктан, бир диалектиде сүйлөшкөндүктөн, башка кыргыздарга караганда ислам динин мурда кабыл алышкандыктан, дыйканчылыка өтүшкөндүктөн аларда региондук жалпылык пайда болгон. Аларда канн жагынан аралашуу да кылымдарды кучагын аалган. Ошол себептүү алар да кыргыз деген ат баарыдан мурда ичкиликтерди түшүндүрөт, алардын тажиктер, өзбектер менен болгон байланыштары болгон.

Жыйынтыктап айтканда, Санжыра да ичкилик урууларыны Орус окумуштуулары изилдениши он жана солго бөлүнүшү жөнүндө Н.Ф. Саковскийдин эмгегинде жана Сапарбек Закировдун түштүк Кыргызстандагы Санжыралары деген эмгегинде Эгемберди Акунбай Санжырачыны тоодо жашаган кыргыздар, жана  шаар тегерегинде жашаган ичкили ккыргыздар деп атаган. Ошондой эле ойду Н.А. Аристов ичкиликтерди эчки багып же эчки уруунун башчысы келип чыгышы мүмкүн дейт.

**Адабияттар:**

1. Бичурин Н.Я.  к.-Ч.1.-Отд.1.- СПб., 1851. - С. 373-374; - Ч.1. - М.-Л., 1950. - С. 301.  “Түрк” деген сөз “бөрү, карышкыр” дегенди билдирет.
2. Бичурин Н.Я. Көрсөтүлгөн эмгек. - Ч.1.- Отд. 1. - СПб., 1851. - С. 373-374; - Ч.1. - М.- Л., 1950. - С. 301.
3. Гасанов З. Царские скифы. - Нью-Йорк, 2002. - С. 25.
4. Книга моего деда Коркута. - С. 15,31,35; Сулейменов О. Аз и Я. - Алма- Ата, 1975. - С. 269.
5. Мизиев И.М. Шаги к истокам этнической истории Центрального Кавказа. – Нальчик, 1986. - С. 48.
6. Валиханов Ч.Ч. Кыргызстандын эмгек.  т-II. - с. 46.
7. Винников Я.Р. Род – племенной состав и расследование кыргызов на территории Южной Киргизии. ТКАЭЭ. Том I. - М., 1956. - С. 136-181.
8. Анвар Байтур кыргыз тарыхынын лекциялары. - 1 китеп. - Бишкек, 1992-ж. - 33-40 беттер.
9. Аристов Н.А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. - Б., 2003. - 50-б.